Көп киши өлтүргөн, көп зына кылган кээ бир мушриктер Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келишип: "Чындыгында, сенин айтканың жана чакырганың жакшы. Бизге кабар берчи. Биз аткарып койгон нерселердин каффараты барбы?" - дешти. Ошондо бул аяттар түштү. Аллах Таала айтты: "Алар Аллахтан башка кудайларга дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына кылышпайт.(Фуркан сүрөсү, 68-аят). Аллах Таала айтты: "(Оо, Мухаммад, Менин пенделериме) айт: "Оо, Менин, өздөрүнө ысырап кылып (көп күнөө) кылган пенделерим! Аллахтын ырайымынан үмүтсүз болбогула!". (Аз-Зумар сүрөөсү, 53).@*

Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылат: Көп киши өлтүргөн, көп зына кылган кээ бир мушриктер Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келишип: "Чындыгында, сенин айтканың жана чакырганың жакшы. Бизге кабар берчи. Биз аткарып койгон нерселердин каффараты барбы?" - дешти. Ошондо бул аяттар түштү. Аллах Таала айтты: "Алар Аллахтан башка кудайларга дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына кылышпайт.(Фуркан сүрөсү, 68-аят). Аллах Таала айтты: "(Оо, Мухаммад, Менин пенделериме) айт: "Оо, Менин, өздөрүнө ысырап кылып (көп күнөө) кылган пенделерим! Аллахтын ырайымынан үмүтсүз болбогула!". (Аз-Зумар сүрөөсү, 53).

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Көп киши өлтүрүп, зына кылган кээ бир мушриктер Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келишип, ага: "Силердин Исламга жана аны

үйрөрүүгө чакырып жатканыңар жакшы нерсе. Бирок биздин абалыбыз кандай болот? Биз аткарып койгон ширк жана чоң күнөөлөрүбүздүн каффараты барбы?" - дешти. Ошондо Аллах Таала эки аят түшүрдү. Бул аятта Аллах адамдардын күнөөлөрүнүн көптүгүнө жана чоңдугуна карабастан, алардын тообосун кабыл кылганы айтылган. Эгерде андай болбогондо, алар каапырлык жана зулумдуктарын уланта беришмек жана алар бул динге кирмек эмес.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65071